**Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясы**

**2021-жылдын 13-апрелиндеги "Жай-Терек" айылынын тургуну А.Арзыкулованын, Ч.Арызыкулованын арыздарын кароо жөнүндө.**

**ЧЕЧИМ № 44**

Базар-Коргон шаары 14-апрель 2021-ж.

Чогулушка катышты: Базар-Коргон АШК мучолору - 12 адам
Даттануу ээлеринин атынан - эч ким катышкан жок

Жыйынды АШК төрагасы – Мадумаров Н. сөз суйлоп күн тартибиндеги каралып жаткан арыз менен жыйындын катышуучуларын тааныштырды. Арызалануучулар өз арыздарында талапкерлер Мейманкулова Гулсанам жана Сыдыкова Атиргул тарабынан шайлоо күнү шайлоочулардын добуштарын сатып алуу болгондугун, ошондой эле талапкер Халботоева Фатиманын күйөөсү Алмаз Масиров Жай-Терек айылынын айыл башчысы болгондуктан административдик ресурс колдонуп, аялына үгүт жүргүзгөндүгүн билдиришкен.

ЫЧКТ төрагасы Мырзаев Азимжан соз алып, талапкерлер Г.Мейманкулова, Ф.Халботоева жана айыл башчы А.Масировдор өз билдирүүлөрүндө арызалануучулардын арыздары жүйөөсүз экендигин, эч кандай далилдери жок экендигин, талапкер Ч.Арзыкулова аз добуш алып калгандыктан, курулай жалаа жаап жаткандыгын билдиришкендигин тааныштырды. Ошондой эле арызда жүйөөлүү далилдер жок экендигин, эгер далилдер болсо укук коргоо органдарына арызды жонотүп, мыйзам чегинде чара көрсө боло тургандыгын билдирди.

**Жарыш созго Т.Абдуллаев, Б.Шеркулов, Р.Колдошев бул арыз боюнча мыйзамга ылайык добуш берүү күнү акт, сүрөт жана башка далилдөөчү иш-кагаздары жоктугуна байланыштуу арыздын жүйөөсүз экендигин белгилешти.**

«Кыргыз Республикасынын жергиликтуу кенештин депутаттарын шайлоо жөнүндө» КР Мыйзамынын 41-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык, «Шайлоочулар, талапкерлер, саясий партиялар, коммерциялык эмес уюмдар, алардын өкүлдөрү жана байкоочулар мамлекеттик жана башка органдардын, алардын кызмат адамдарынын, шайлоо процессинин башка катышуучуларынын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздигине) арыз же даттануу менен кайрыла алат. Арыз, даттануулар жүйөлүү болуп, аларга негизделген далилдер менен бирге берилүүгө тийиш».

Бирок даттанууда баяндалган жүйөөнү далилдеген арызда сүрөт жана көрмө материалдар жок.

Баяндалгандардын негизинде, «Жергиликтүү кенештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын жана «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесин жетекчиликке алып, Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясы

**Ч Е Ч И М  К Ы Л А Т**

1.**2021-жылдын 13-апрелиндеги "Жай-Терек" айылынын тургуну А.Арзыкулованын, Ч.Арызыкулованын арыздарын** канааттандыруудан баш тартылсын

2. Ушул чечимдин көчүрмөсү арызалануучуларга жөнөтүлсүн.

3. Нааразы тарап 3 кундун ичинде КР БШК-сына арызданууга укуктуу экендиги көрсөтүлсүн.

Базар-Коргон АШК нын торагасы: Н.Мадумаров

АШКнын катчысы: Э. Жумабаева